| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>АЛАЙ РАЙОНУ<br>ЖИБЕК-ЖОЛУ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АЛАЙСКИЙ РАЙОН<br>ЖИБЕК-ЖОЛУНСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ** |

**Жибек жолу айыл аймагынын айылдык кеңешинин кезексиз I отуруму**

# ТОКТОМ
## № 6

Согонду айылы 2024-жылдын 15-марты

**Жибек Жолу айылдык кеңешинин 2024-жылга карата иш- планын бекитүү жөнүндө**

Жибек Жолу айылдык Кеңешинин 2024-жылга иш-планын бекитүү боюнча Жибек Жолу айылдык кеңештин төрагасы Орозали уулу Таалайбектин 2024-жылддын 15-марттагы билдирүүсүн угуп жана талкуулап, Жибек Жолу айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Жибек Жолу айылдык Кеңешинин 2024-жылга иш-планы толуктоо өзгөртүү киргизүү менен бекитилсин (тиркеме тиркелет);

2. Жибек Жолу айылдык Кеңешинин 2024-жыл үчүн түзүлгөн иш-планынын аткарылышын өзүмдүн көзөмөлүмдө калтырамын.

**Төрага** **Орозали уулу Таалайбек**

Жибек-Жолу айыл аймагынын
айылдык кеңешинин 2024-жылдын
"15" март № 6 токтому
менен бекитилген

**Жибек-Жолу айылдык кеңешинин 2024-жыл үчүн түзүлгөн иш планы**

| № | Аткарыла турган иш-пландардын мазмуну | Аткаруу мөөнөтү | Ким даярдайт | Ким отчет берет |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Айыл аймагындагы көрктөндүрүү жана жашылдандыруу, айылдардын, көчөлөрдүн тазалыгы, жазгы талаа жумуштарынын жүрүшү, айыл чарбасын өнүктүрүүдө айыл өкмөтүнүн жүргүзүп жаткан иштеринин абалы жөнүндө жайлоого көчүп-конуу, чөп орунду жерлерин коргоо боюнча иш-аракеттер | II квартал | Мыйзамдуулук, укук тартибин сактоо, жарандардын укугунжана кызыкчылыгын коргоо, архитектура, курулуш, транспорт жана экология боюнча туруктуу комиссия | Айыл өкмөт башчысы |
| 2 | Айыл өкмөтүнүн жайыт иштери боюнча жүргүзүп жаткан иштеринин абалы жөнүндө | II квартал | Бюджет боюнча туруктуу комиссия | |
| 3 | Жибек-Жолу айыл өкмөтүнүн алдындагы "Биримдик Сервис" муниципалдык ишканасынын жүргүзгөн иштери жөнүндө | II квартал | Бюджет боюнча туруктуу комиссия | "Биримдик Сервис" муниципалдык ишканасынын диретору |
| 4 | Жибек-Жолу айыл аймагындагы мектептердин жана балдар бакчасынын 2024-2025-жаңы окуу жылына карата даярдыктары, кезектеги оңдоп-түзөө иштеринин жүрүшү жөнүндө | III квартал | Мыйзамдуулук, укук тартибин сактоо, жарандардын укугунжана кызыкчылыгын коргоо, архитектура, курулуш, транспорт жана экология боюнча туруктуу комиссия | Мекеме жетекчилери |
| 5 | Ар түрдүү маселелер | III квартал | Жооптуу катчы | |
| 6 | Айыл аймагындагы медицина мекемелериндеги медицина кызматкерлеринин калкты тейлөөдө жана Маданият кызматкерлеринин жүргүзгөн иштери жөнүндө | IV квартал | Жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү,жалпыга маалымдоо каражаттары,коомдук уюмдар жана жергиликтүү коомдоштуктар менен байланыш боюнча туруктуу комиссиясы | Мекеме жетекчилери |
| 7 | Ар түрдүү маселелер | IV квартал | Жооптуу катчы | |

**Жооптуу катчы** **Э. Азизилла уулу**